**2017-жылга Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ОТЧЕТУ**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби (мындан ары – Сот адилеттигинин жогорку мектеби) 2017-жылдын 31-январындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун буйругу менен, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашуу боюнча бекитилген Уставга ылайык, Кыргыз Республикасынын судьяларынын, сот аппараттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин мамлекеттик кызматчыларынын квалификациясын жогорулатат, окууну пландайт, уюштуруучулук жактан камсыздайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди окутуу жүргүзөт.

Судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатуу, судьялык кызматта иштөө үчүн зарыл болгон теориялык билим жана практикалык көндүмдөрдү Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлер тарабынан өздөштүрүү маселелери актуалдуу жана бирден бир алгылыктуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы №147 "Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен соттук реформанын негизги багыттары катары судьялык кадрларды даярдоонун заманбап системасын түзүү, сот системасын судьялардын жогору квалификациялуу кадрлары жана сот аппараттарынын кызматкерлери менен чыңдоо аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-жылдын 25-июнундагы №4267-V токтому менен бекитилген, "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" Мамлекеттик максаттуу программасы менен 3-максаты боюнча бир нече милдеттер коюлган. Соттордун натыйжалуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө жетишүү, тактап айтканда:

- Судья болууга талапкерлерге жогорулатылган критерийлерди жана талаптарды белгилөө;
- Судьялардын жана сот аппараттарынын кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатуу;
- Судьялардын окуу борборунун статусун жогорулатуу;
- Сот процессинде тараптардын атаандаштык механизмин өркүндөтүү;
- Судьялардын жардамчыларынын институтун өркүндөтүү.

2017-жылга коюлган максаттар жана милдеттерди ишке ашыруу максатында Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан төмөнкү багыттар боюнча иштер жүргүзүлгөн:

I. Сот тутумун реформалоо менен Кыргыз Республикасында ишке ашырылып жаткан максаттар жана милдеттерди, ошондой эле судьялардын реалдуу керектөөлөрүн эске алуу менен иштелип чыккан, Комплекстүү окуу программасы боюнча жергиликтүү соттордун судьяларынын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу.

II. Актуалдуулугуна, көлөмүнө, татаалдыгына жараша тематикалык семинарларды жана тренингдерди өткөрүү өз алдынча окуу иш-чараларга бөлүнгөн.

III. Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди окутууну даярдоо жана өткөрүү.

IV. Сот адилеттигинин жогорку мектебин институтционалдык өнүктүрүү жана башка иш чаралар.

V. Финансылык каражаттар.

Иш аракеттердин планын натыйжалуу ишке ашыруу максатында комплекстүү иштер жүргүзүлгөн, тактап айтканда:

– Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен 2017-жылдын Окуу планы макулдашылган жана бекитилген;

– Кыргыз Республикасынын судьяларын жана сот тутумунун мамлекеттик кызматчыларын окуудан өткөрүүнү пландоо жана уюштуруучулук жактан камсыздоо;

– Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди окутуу;

– окууну өткөрүү (квалификацияны жогорулатуу курстары, семинарлар жана тренингдер);

– биргелешкен иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;

– өнөктөштөр менен иштөө, лекторлорду/эскперттерди тартуу, окуу программаларын түзүү;

– окуу модулдарын иштеп чыгуу жана бекитүүгө көмөктөшүү;

– окуунун катышуучуларынын тизмесин түзүү;

– семинарлардын (лекциялык жана практикалык материалдар) мазмундуу бөлүгүн даярдоого көмөктөшүү;

– иш чараларды өткөрүү жана катышуучулардын тизмеси боюнча маселелер Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен макулдашылат;

– уюштуруучулук маселелерди чечүү (катышуучуларга чакыруу жөнөтүү, иш чараны өткөрүү жайын аныктоо, логистика, ж.б.);

– окуу тууралуу отчетторду даярдоо.

2017-жылдын окуу процессине **2479** адам тартылган, **123** иш-чара өткөрүлгөн, алардын ичинен:

- Комплекстүү окуу программасы боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьяларынын жана сот тутумунун кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу – **336** адам,**14** иш чара;
- тематикалык семинарлар жана тренингдер – **2103 адам, 108** иш-чара.
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялык кызмат орундарына талапкерлерди окутуу – **40** адам, **1** иш-чара.

## I. Комплекстүү окуу программасы боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьяларынын жана сот тутумунун кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу

2017-жылдын Окуу планына ылайык сот тутумун реформалоо менен Кыргыз Республикасында ишке ашырылып жаткан максаттар жана милдеттерди, ошондой эле судьялардын жана сот тутумунун кызматчыларынын реалдуу керектөөлөрүн эске алуу менен иштелип чыккан Комплекстүү окуу программасы боюнча жергиликтүү соттордун судьяларынын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы №147 "Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу, "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" Мамлекеттик максаттуу программаны аткаруу максатында Комплекстүү окуу программасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстары өткөрүлдү:

- судьялык иш стажы жок I-инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна биринчи жолу дайындалган судьялар;
- I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын жардамчылары;
- I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппараттарынын бөлүм башчылары;
- I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун сот отурумдарынын катчылары;
- Сот департаментинин жана САКБ (ПССИ) кызматчылары.

### 1. Судьялык иш стажы жок I- инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна биринчи жолу дайындалган судьялардын квалификациясын жогорулатуу

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна биринчи жолу дайындалган судьялардын квалификациясын жогорулатуу курсу Кыргыз Республикасындагы Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) филиалынын колдоосу менен өткөрүлдү.

Бул программа 2013-жылдын 26-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген. Окуу программасына жана процесстик укуктарды терең изилдөө блогу, судьялык жөндөмдөр блогу жана этико-деонтологиялык блогу киргизилген.

Окуунун узактыгы төмөнкүдөй багыттар боюнча 20 окуу күндү - жалпы жүктөмү 160 академиялык саатты түздү:

VII: 27 февраль – 28 март;
VIII: 3 – 29 апрель;
IX: 2 – 31 май.

Тренерлер-эксперттер катары чыгышты:

- А.М. Базаралиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орун басары;
- Д.Э. Арстанбаева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Г.У. Калиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Д.С. Кульматова, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- М.П. Мельникова, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Н.А. Сатыбалдиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Т.Т. Чаргынова, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Ч.А. Айдарбекова, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;
- Ч.О. Осмонова, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;
- Д.А. Айжигитов, Чүй облустук сотунун судьясы;
- И.М. Айтбаева, Чүй облустук сотунун судьясы;
- И.Н. Воронцова, Бишкек шаардык сотунун төрайымы;
- И.В. Горшковская, Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- А.Н. Кудайбергенов, Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- Жаныл Мамбеталы, Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- А.Ж. Калыбаев, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы;
- Д.Т. Орозова, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы;
- Э.Б. Барыктабасова, Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы;
- Б.Б. Джаналиев, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы;
- Н.А. Азимжанов, отставкадагы судья;
- Л.В. Гутниченко, отставкадагы судья;
- К.Е. Максутова, отставкадагы судья;
- Р.И. Эралиева, отставкадагы судья;
- Ч.Дж. Курбанова, экс-судья;
- М.М. Оморова, отставкадагы судья;
- Н.М. Асанова, экс-судья ( азыркы учурда – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы);
- Г.И. Борончиева, отставкадагы судья;
- М.А. Давлетбаева, отставкадагы судья;
- А.М Тилекеева, отставкадагы судья;
- А.Ш Сыдыков, отставкадагы судья;
- Д.И. Максимбекова, отставкадагы судья, Кыргыз Республикасындагы Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмунун (IDLO) филиалынын эксперти;
- Ж.З. Саргалдакова, Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин “Жарандык укук жана процесс” кафедрасынын доценти;
- Г.Т. Ускенбаева, аудитор, салык консультанты;

- А. Абылаев, жергиликтүү судьялар менен иштөө боюнча Сот департаментинин алдындагы "Адилет сот" маалыматтык технологиялар боюнча мекемесинин (мындан ары –) адиси;
- А. Кудайбердиева, жергиликтүү судьялар менен иштөө боюнча "Адилет сот" МТМ адиси;

Судьялык иш стажы жок I-инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна биринчи жолу дайындалган 60 судья окуудан өттү.

Окуу курсун аяктагандан кийин окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин билүү үчүн угуучуларга модулдук тест өткөрүлөт. Модулдук тестирлөө жооптордун варианттары берилген 205 суроолордон турган жарандык –укуктук жана жазык-укуктук блоктордон турат. Ар бир туура жооп бир баллга бааланат.

Окуунун жыйынтыгы боюнча судьялар Комплекстүү программа боюнча квалификациясын жогорулатуу курсун баалоо боюнча суроо-жооп баракчасын толтурушту.

Угуучуларга модулдук тестирлөө боюнча баллдардын санын көрсөтүү менен сертификаттар ыйгарылды.

## 2. I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьяларынын жардамчыларынын квалификациясын жогорулатуу

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна биринчи жолу дайындалган судьяларынын жардамчыларын Комплекстүү окуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу Кыргыз Республикасындагы Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) филиалынын колдоосу менен өткөрүлдү.

Бул программа 2016-жылдын 10-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген.

2017-жылдын 10-апрелинен 14-апрелге чейин жана 24-апрелден 28-апрелге чейинки (2 топ) мөөнөттө Кыргыз Республикасынын I – инстанциядагы жергиликтүү соттордун судьяларынын 50 жардамчылары окуудан өтүштү. Окуунун узактыгы 5 күндү – жалпы жүктөмү 40 академиялык саатты түздү.

Тренерлер-эксперттер катары чыгышты:

- А.К. Ахметова,Чүй облусунун Райондор аралык сотунун судьясы;
- А.О. Абылаев, жергиликтүү судьялар менен иштөө боюнча "Адилет сот" МТМ адиси;
- А.К. Керимкулова, Чүй облусунун Панфилов райондук сотунун төрагасы;
- Ч.Дж. Курбанова, экс-судья;
- М.М. Оморова, отставкадагы судья;
- Г.К. Усакпаева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппарат башкармалыгынын начальниги;
- Х.А. Узбекова, Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун бөлүм башчысы;
- Р.И. Эралиева, отставкадагы судья.

Окуунун жыйынтыгы боюнча судьялардын жардамчылары Комплекстүү программа боюнча квалификациясын жогорулатуу курсун баалоо боюнча суроо-жооп баракчасын толтурушту. Окуу аяктагандан кийин угуучуларга сертификаттар тапшырылды.

## 3. I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун аппараттарынын бөлүм башчылары

I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппараттарынын бөлүм башчыларына Комплекстүү окуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу Кыргыз Республикасындагы Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) филиалынын колдоосу менен өткөрүлдү.

Бул программа 2016-жылдын 10-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген.

2017-жылдын 13-ноябрынан 17-ноябрына чейин (1-топ), 20-ноябрдан 24-ноябрга чейинки (2-топ) мөөнөттө окуудан 55 бөлүм башчылары өтүштү. Окуунун узактыгы 5 күндү – жалпы жүктөмү 40 академиялык саатты түздү.

Тренерлер-эксперттер катары чыгышты:

- Д.А. Айжигитов, Чүй облустук сотунун судьясы;
- А.К. Ахметова, Чүй облусунун Райондор аралык сотунун судьясы;
- А.О. Абылаев, жергиликтүү судьялар менен иштөө боюнча “Адилет сот” МТМ адиси;
- А.К. Керимкулова, Чүй облусунун Панфилов райондук сотунун төрагасы;
- Ч.Дж. Курбанова, экс-судья;
- Г.К. Усакпаева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппарат башкармалыгынын начальниги;
- Х.А. Узбекова, Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун бөлүм башчысы;
- К.К. Касымов, Кыргыз Республикасындагы Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) филиалынын эксперти;
- Г.Дж. Досалиева, Сот департаментинин адиси;
- А.Ж. Калыкова, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Архив агенттигинин (мындан ары – Архив агенттиги) адиси.

Окуу аяктагандан кийин угуучуларга сертификаттар тапшырылды.

## 4. I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун сот отурумдарынын катчылары

I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун сот отурумдарынын катчыларына Комплекстүү окуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу Кыргыз Республикасындагы Укукту

өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) филиалынын колдоосу менен өткөрүлдү.

Бул программа 2016-жылдын 10-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген.

2017-жылдын 13-ноябрынан 17-ноябрына чейин (1-топ), 20-ноябрдан 24-ноябрга чейин (2-топ) жана 27-ноябрдан 1-декабрга чейинки (3-топ) мөөнөттө окуудан 74 Кыргыз Республикасынын I – инстанциядагы жергиликтүү соттордун сот отурумдарынын катчылары окуудан өтүштү. Окуунун узактыгы 5 күндү – жалпы жүктөмү 40 академиялык саатты түздү.

Тренерлер-эксперттер катары чыгышты:

- Д.А. Айжигитов, Чүй облустук сотунун судьясы;
- А.К. Ахметова, Чүй облусунун Райондор аралык сотунун судьясы;
- А.О. Абылаев, жергиликтүү судьялар менен иштөө боюнча “Адилет сот” МТМ адиси;
- А.К. Керимкулова, Чүй облусунун Панфилов райондук сотунун төрагасы;
- Ч.Дж. Курбанова, экс-судья;
- Г.К. Усакпаева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппарат башкармалыгынын начальниги;
- Х.А. Узбекова, Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун бөлүм башчысы.

Окуу аяктагандан кийин угуучуларга сертификаттар тапшырылды.

## 5. Сот департаментинин жана САКБ кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу

Сот департаментинин жана САКБ кызматчыларынын Комплекстүү окуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу Европа Биримдигинин союзунун "Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү" долбоорунун көмөктөшүүсү менен өткөрүлдү.

Бул программа 2016-жылдын 10-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген.

2017-жылдын 18-сентябрынан 23-сентябрына (1-топ) чейин, 2-октябрдан 7-октябрга (2-топ) чейин, 13-ноябрдан 18-ноябрына (3-топ) чейин жана 20-ноябрдан 25-ноябрга (4-топ) чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин жана САКБ 97 кызматкери окуудан өтүштү. Окуунун узактыгы 6 жумушчу күндү – жалпы жүктөмү 48 академиялык саатты түздү.

Тренерлер-эксперттер катары чыгышты:

- А.А. Аракеева, Сот департаментинин Анализдөө, соттук статистика, эл аралык милдеттемелерди аткаруу жана соттор менен өз ара аракеттешүү бөлүмүнүн башчысы;
- Ч.Дж. Курбанова, экс-судья;
- Ж. Кумашев, Бишкек ш. Биринчи май райондук САКБ улук сот аткаруучусу;

- С.В. Николаева, Чүй облусунун Аламүдүн районун сот аткаруучусу;
- М.А. Давлетбаева, отставкадагы судья;
- А.М. Тилекеева, отставкадагы судья;
- Г.И. Борончиева, отставкадагы судья;
- Д.А. Лысенко, бизнес тренер, психолог;
- Ч.К. Осмоналиева, психология магистры.

Окуу курсун аяктагандан кийин окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин билүү үчүн угуучуларга модулдук тест өткөрүлөт. Модулдук тестирлөө жооптордун варианттары берилген 100 суроолордон турат. Ар бир туура жооп бир баллга бааланат. Окуу аяктагандан кийин угуучуларга сертификаттар тапшырылды.

Толугу менен Комплекстүү окуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсунан 336 угуучулар өтүштү. 1-таблицада угуучулар жөнүндө маалыматтар келтирилди.

| *№* | *Угуучулардын категориялары* | *Саны* |
|---|---|---|
| 1 | I-инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна биринчи жолу дайындалган судьялар | 60 (18%) |
| 2 | I-инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьяларынын жардамчылары | 50 (15%) |
| 3 | Сот департаментинин жана САКБ кызматчылары | 97 (29%) |
| 4 | Бөлүм башчылар | 55 (16%) |
| 5 | Сот отурумдардын катчылары | 74 (22%) |
| **Жыйынтыгы:** | | **336** |

*№1 таблица. Угуучулардын сапаттуу жана сандык курамы жөнүндө маалыматтар*



## 6. Тематикалык семинарларды жана тренингдерди өткөрүү

Актуалдуулугуна, көлөмүнө, татаалдыгына жараша тематикалык семинарларды жана тренингдерди өткөрүү өз алдынча окуу иш-чараларына бөлүнгөн.

Отчеттуу мезгил үчүн 2017-жылдын Окуу планына ылайык өнөктөштөр (донорлор) менен биргеликте Кыргыз Республикасынын судьяларына жана сот тутумунун кызматчыларына окутуучу **108** семинарлар жана тренингдер, ошондой эле башка иш чаралар өткөрүлдү, анда **2103** угуучулар окуудан өтүштү. Алардын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары – 54 (2,5%);
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары – 1473 (70%);
- экс-судьялар /отставкадагы судьялар / Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору – 7 (0,3%);
- сот аппараттарынын кызматчылары – 241 (12%);
- Сот департаментинин жана САКБ кызматчылары – 212 (10%);
- жергиликтүү соттордун IT-адистери – 63 (3%);
- эл аралык уюмдардын өкүлдөрү , ж.б.– 3 (0,2%);
- аксакалдар сотунун мүчөлөрү - 20 (1%);
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматчылары – 30 (1%).




**18-августта** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын 2016-жылдын 7-майындагы №86 буйругу менен бекитилген, орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасынын сот тутумунда Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча планды аткарууга, ошондой эле 2017-жылга Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окуу планын ишке ашыруу максатында Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окуу залында "Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдары: сот тутумунда коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын алуу боюнча чаралар" темасында семинар өткөрүлдү.

Тренер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы К.Б. Токтомамбетов чыкты. Семинарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 19 судьясы катышты.

**10 - ноябрда** Ош шаарында "Соттор тарабынан үй-бүлөлүк чыр-чатактардын каралышы" темасында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн мамлекеттик тилде семинар өткөрүлдү. Семинарга 25 судья катышты.

Тренерлер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары - Н.Сатыбалдиева, Ж.Исакова, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаментинин директорунун орун басары - Д. Райымкулова чыгышты.

**12-декабрда** Бишкек шаарында "Ар-намысты, абройду жана ишкердик беделин коргоо жөнүндө иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү" темасында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн семинар өткөрүлдү. Семинарга 23 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Д.Э. Арстанбаева, ошондой эле Медиа полис институту коомдук фондунун өкүлдөрү Алагушев А.К, Алишева Н.И. и Исаева А. тренерлер катары чыгышты.

## Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) филиалы

**22-29-мартта** Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын судьялары жана базалык тренингге катышкан экс-судьялардын катышуусу менен жогорку деңгээлде тренерлер үчүн тренинг (ТОТ) өткөрүлдү.

Окуудан 15 угуучу өттү: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары (3 катышуучу), Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары (5 катышуучу) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын кеңешчиси, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору (3 катышуучу) жана Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун филиалынын эксперти.

Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмунун (IDLO) потенциалын өнүктүрүү боюнча менеджери Кэтрин Периго тренер катары чыкты.

**4-7 апрелде** Кыргыз Республикасынын аксакалдар сотунун мүчөлөрүнө семинар өткөрүлдү. (Бишкек ш.)

Семинарга Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун аксакалдар сотунун 20 мүчөсү катышты.

Тренерлер катары: Чүй облустук сотунун судьясы И.М. Айтбаева, Бишкек ш. Ленин райондук сотунун судьясы Э.Б. Барыктабасова, отставкадагы судья Р.И. Эралиева, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору М.А. Давлетбаева чыгышты.

**17-18 - майда** (1-топ), **20-21-майда** (2-топ), **24-25-майда** (3-топ) Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун IT-консультанттары үчүн окуу өткөрүлдү.

Тренерлер катары “Адилет сот” МТМ кызматчылары: маалыматтык тутум жана колдонуучуларды колдоо бөлүмүнүн начальниги Медведев Б.,тармактын администратору Туганбаев К., маалыматтык коопсуздук боюнча адис Джумакадыров А., программалык камсыздандырууну киргизүү боюнча адис Нурмухамедов Д., тутумдун администратору Габдулин Р., “Адилет сот” МТМ юристи Тилекеева А., жергиликтүү судьялар менен иштөө боюнча адистери, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору Кудайбердиева А. жана Абылаев А. чыгышты.

Тренингге Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 62 IT-адистери катышышты.

**15-16-июнда** Кыргыз Республикасынын судьяларынын, соттордун аппараттарынын кызматчыларынын жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлорунун катышуусунда окутуунун методикасы боюнча тренерлер үчүн тренинг (ТОТ) өткөрүлдү. Тренингге 15 угуу катышты: жергиликтүү соттордун 8 судьялары, 1 экс-судья, соттордун аппараттарынын 4 кызматчысы, Сот департаментинин 1 кызматчысы жана "Адилет сот" МТМ 1 адиси.

ТОТко Бишкек шаардык стунун судьясы И.В. Горшковская, экс-судья, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору Н.М. Асанова, Кыргыз Республикасында укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмунун (IDLO) филиалынын эксперти Д.И. Максимбековалар тренер катары чыгышты.

**25-октябрда** административдик жана экономикалык иштерди караган, экинчи инстанциядагы судьялар жана Кыргыз Республикасынын райондор аралык сотторунун судьялары үчүн "Кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоо маселелери боюнча административдик органдардын актыларын талашуу боюнча административдик иштерди кароо" темасында тренинг өткөрүлдү. Тренингге 15 судья катышты.

Тренингде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы А.А. Давлетов, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы Ч.А. Айдарбекова, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин бөлүм башчысы М.Т. Исмаиловалар тренер катары чыгышты.

**30-ноябрда** Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун бюджетин түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун төрагалары үчүн семинар болуп өттү. Семинардын ишине 25 төрага катышты.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору, Кыргыз Республикасындагы Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (ИДЛО) филиалынын эксперти К.К. Касымов, жана Сот департаментинин булактарды башкаруу башкармалыгынын начальниги А.А. Асаналиевалар тренер катары чыгышты.

**8-декабрда** Бишкек ш. "Жараксыз бүтүмдөр жөнүндө талаш тартыштарды сотто кароо" темасында I – инстанциядагы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьялары үчүн тренинг өткөрүлдү. Тренингге 18 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы М.П. Мельникова бул тренингде тренер болду.

**29-30-ноябрда** Бишкек шаарында жана **21-22-декабрда** Ош шаарында расмий жана мамлекеттик тилдерде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьялары үчүн инсандардын жеке өз ара аракеттенүүсү, чечендик

өнөр жана конфликтология боюнча социалдык-психологиялык тренинг өткөрүлдү. Тренингге 44 судья катышты.

Чечендик чеберчилик боюнча тренерлер – Т.М. Эгембердиев жана Э.А. Турсуновалар тренер катары чыгышты.

**“Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү” ЕБ долбоору**

**9-10-февралда** Кыргыз Республикасынын судьялары, Сот департаментинин аппаратынын кызматчылары жана сот аткаруучулардын катышуусунда «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча тренерлер үчүн тренинг өткөрүлдү.

Тренерлер үчүн тренингдин ишине 19 угуучу: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2 судьясы, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотунун 6 судьясы, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин 1 лектору, Сот департаментинин 4 кызматчысы жана 6 сот аткаруучу катышты.

Улан Сатаров – Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун жетекчиси, адвокат; Азирет Медеров – жумушчу топтун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы; Светлана Николаева - жумушчу топтун мүчөсү, Чүй облусунун Аламүдүн райондук соттук аткаруучулар кызматтык бөлүмүнүн сот аткаручуусу жана «Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» Европа Биримдигинин долбоорунун кыска мөөнөттөгү эксперттери Бультер Рольф Вилли -Потсдам райондук соттун башкаруучусу, Генрих Крафт - Потсдам райондук соттун сот ыйгарым укуктары менен аныкталган кызматкери иш-чаранын тренерлери болушту.

**13-14-февралда** Бишкек шаарында Чүй, Нарын, Талас, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн, ал эми 16-17-февралда Ош шаарында Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын I-инстанциядагы жергиликтүү сотторунун биринчи жолу шайланган төрагалары үчүн пилоттук тренинг өткөрүлдү.

Тренингдин ишине 32 төрага катышты. Иш-чаранын тренерлери Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун төрайымы Джаркеева Э.С., Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун төрагасы Узакбаев А.Н. ошондой эле Европа Биримдигинин долбоорунун эл аралык эксперттери, Германиянын отставкадагы судьялары Манфред Верт жана Хельмут Палдэ.

**27-февралда** Ош шаарында Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн, ал эми 2-мартта Бишкек шаарында Чүй, Нарын, Талас, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларына, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин аппаратынын кызматкерлерине жана сот аткаруучуларына аткаруу өндүрүшүнүн маселелери боюнча тегерек үстөл өткөрүлдү.

Тегерек үстөлдүн ишине 29 судья: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 1 судьясы жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 28 судьясы катышты.

Тренер катары чыгышты: Н.М. Асанова,Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору; Мириам Зильберман, Париждин чоң инстанциясындагы сотунун төрагасынын орун басары; Элен Пекастэн-Кошар, «Дарикко-Пекастэн» конторасынын сот аткаруучусу, Париж, 18-округ.

**22-24-мартта** "Жазык процессиндеги атаандаштык" темасында Кыргыз Республикасынын судьялары, прокурорлору жана адвокаттар үчүн тренинг өткөрүлдү.

Тренер катары Бишкек шаардык сотунун судьясы И.Н. Воронцова, отставкадагы башкы прокурор Ришар Бомтон (Франция), Кыргыз Республикасынын адвокаттардын мүчөсү Г.С. Дуйшенбековалар чыгышты. Тренингдин ишине жергиликтүү сотторунун 5 судьясы катышты.

**10-апрелде** Ош шаарында жана 12-апрелде Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын I – инстанциядагы жергиликтүү соттордун төрагалары үчүн атайын тренингди киргизүү маселелери боюнча тегерек үстөл өткөрүлдү. Тренингдин ишине Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 25 төрагасы катышты.

Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун төрагасы Э.С. Джаркеева, Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун төрагасы А.Н. Узакбаев, ошондой эле Европа биримдиги долбоорунун эл аралык эксперттери, Гемани янын отставкадагы судьялары Манфред Верт жана Хельмут Палдэ тренерлер катары чыгышты.

**11-12-апрелде** Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Ош шаарында, ал эми **13-14-апрелде** Чүй, Нарын, Талас, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын, сот аткаруучулардын жана адвокаттардын катышуусу менен "Чет өлкөлүк соттук жана арбитраждык чечимдерди аткаруу" темада тренерлер үчүн тренинг (ToT) өткөрүлдү.

Иш-чаранын тренерлери КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы Чинара Айдарбекова, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору Мадина Давлетбаева, Апостолос Антимос - адвокат (Греция),

Никола Кастелл - адвокат (Франция). Тренингге Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун 17 судьясы катышты.

**11-13-апрелде** сот аткаруучулар үчүн тренерлер үчүн тренинг ( ТОТ) болуп өттү. ТоТтун алкагыда "Карызкордун мүлкүн өндүрүп алууга кайрылуунун тартиби" жана "Сот аткаруучулардын жүрүм-турум этика стандарттары" темалары каралды.

Тренерлер катары чыгышты: Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору: А.М. Тилекеева жана Г.И. Борончиева, Сот департаментинин борбордук аппаратынын бөлүм башчысы А.А. Аракеева, Чүй облусунун Аламүдүн районунун САКБ сот аткаруучусу С.Н. Николаева, Болгариянын сот аткаруучусу, Европа биримдиги долбоорунун эксперти Луков Тудор. Тренингдин ишине 8 сот аткаруучу катышты.

**14-апрелде** Ош шаарында "Эл аралык элементтер менен үй-бүлө-нике мамилелери" темасында судьялардын катышуусу менен тренинг өткөрүлдү.

Тренерлер катары Ош облусунун судьясы, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору К.А. Салиев, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына караштуу Адвокаттардын окуу борборунун тренери, адвокат, эл аралык долбоор боюнча юрист-эксперт Р.Р. Абдурауфов чыгышты.

**22, 23, 24, 25 –майларда** Бишкек шаарында, **5- июнда** Талас шаарында, **8 - июнда** Нарын шаарында, **14, 15, 16-июндарда** Ош шаарында**, 22-июнда** Чолпон-Ата шаарында Сот департаментинин кызматчылары жана сот аткаруучулар үчүн 2017-жылдын 1-июлунан баштап күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу" жаңы мыйзамынын ченемдерин колдонуу боюнча тренинг өткөрүлдү. Тренингдин ишине 193 Сот департаментинин кызматчылары жана сот аткаруучулар катышышты.

**29-30–майда** Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Ош шаарында, ал эми 1-2 июнда Чүй, Нарын, Талас, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Бишкек шаарында судьялардын сот этикасы, кесиптик этика жана деонтология маселелери боюнча Кыргызской Республики жергиликтүү соттордун судьялары үчүн семинар өткөрүлдү.

Семинарга 37 судья катышты: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2 судьясы жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 35 судьясы. Отставкадагы судья, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору Л.В. Гутниченко, Ош облусунун судьясы, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору К.А. Салиев жана отставкадагы магистрат, Франция магистратурасынын жогорку кеңешинин мүчөсү Жан-Мари Юе семинардын тренерлери болуп чыгышты.

**1-июнда** Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Ош шаарында, **19-июнда** Бишкек шаарынын, Чүй жана Талас облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Бишкек шаарында, **21-июнда** Нарын жана Ысык-Көл облусунун жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Чолпон-Ата шаарында**, 23-июнда** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу» мыйзамынын ченемдерин колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын билимин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган атайын тренинг өткөрүлдү.

Тренингдин ишине Кыргыз Республикасынын 80 судьясы катышты, алардын ичинен 8 Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары жана 72 жергиликтүү соттордун судьялары.

**13-июлда** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиянын судьялары жана Бишкек шаарынын райондор аралык соттордун судьялары үчүн 2017-жылдын 15-октябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого тийиштүү маселелер боюнча семинар өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева тренер катары чыкты.

Семинардын ишине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 5 судьясы жана Бишкек шаарынын райондор аралык сотторунун 6 судьясы катышты.

**19-20-сентябрда Бишкек шаарында жана 21-22сентябрда** жаңы Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине ылайык "Уул (кыз) асырап алуу, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк, интернат мекемелерине балдарды жайгаштыруу тууралуу иштерди кароонун тартиби" темасында тренинг өткөрүлдү. Тренингдин ишине 49 судья катышты.

Тренерлер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы – Д.Э Арстанбаева, эл аралык асыроо иштери боюнча адвокат, Болгарияда балдарды коргоо маселелери жана мыйзамдар боюнча парламенттик эксперти – Мариета Димитрова, отставкадагы судья, адвокат – М.А. Давлетбаева, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин үй-бүлөнү жана балдарды коргоо башкармалыгынын начальниги Дж.М. Джумабаевалар чыгышты.

**6-7-октябрда** Европа биримдиги каржылаган "Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү" долбоорунун Эл аралык укуктук кызматташтык боюнча Француз агенттигинин (JCI) компонентинин колдоосунда Чүй облусунун Кой-Таш айылындагы "Жаннат" мейманканасынын конференц-залында Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери үчүн "Мамлекеттик кызматчылардын кесиптик ишиндеги этика жана психология" темасында семинар болуп өттү.

Семинарга Сот адилеттигинин жогорку мектебинин 13 кызматкери катышты.

Тренерлер катары отствакадагы судья Л.В. Гутниченко жана экс-судья, адвокат М.А. Давлетбаевалар чыгышты.

**26-27**-октябрда “Жазык процессиндеги атаандаштык” темасында Кыргыз Республикасынын судьялары, прокурорлору жана адвокаттар үчүн тренинг өткөрүлдү.

Тренер катары Бишкек шаардык сотунун судьясы И. Горшковская, адвокат, отставкадагы судья М. Давлетбаева, отставкадагы башкы прокурор, Франциянын магистраттарынын жогорку кеңешинин мүчөсү Жан-Мари Юе чыгышты.

**7-8-декабрда** Европа биримдиги каржылаган “Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү” долбоорунун Эл аралык укуктук кызматташтык боюнча Француз агенттигинин (JCI) компонентинин колдоосунда Бишкек шаарында Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери үчүн “Эл аралык талаптар жана стандарттарды эске алуу менен кесиптик иштин профили боюнча персоналды окутуу” темасында эки күндүк семинар болуп өттү.

Семинарга Сот адилеттигинин жогорку мектебинин 17 кызматкери катышты.

Тренерлер катары отствакадагы судья Л.В. Гутниченко, Чүй облусунун Ысык-Ата районунун судьясы М.К. Оморова, Кыргызстандагы укук үстөмдүүлүгүн бекемдөө боюнча Европа биримдиги долбоорунун эксперти, Болгариянын Улуттук юстиция институтунун директорунун орун басары Стоил Пашкунов Георгиев чыгышты.

**30-ноябрь – 1-декабрда** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы 2016-жылдын 7-майындагы №86 буйругу менен бекитилген, орто мөөнөттүү мезгилде Кыргыз Республикасынын сот тутумундагы коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча планын аткаруу үчүн Бишкек шаарында “Сот тутумундагы коррупцияга каршы аракеттенүү” темасында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьялары үчүн эки күндүк тренинг өткөрдү. Семинарга 19 судья жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 1 кызматкери катышты.

Иш чаранын тренерлери болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы К.Б. Токтомамбетов Бишкек шаардык сотунун төрагасы И.Н. Воронцова, отставкадагы судья Л.В. Гутниченко, Франциянын магистраты Фиеве Патрик чыгышты.

## GIZдин "Борбордук Азия өлкөлөрүндө укуктук мамлекеттүүлүгүнө көмөк көрсөтүү"

**27-28-апрелде** Бишкек шаарында 2017-жылдын 1-июлунда күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексин иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын жана эксперттик жумушчу

топтун мүчөлөрүнүн катышуусу менен тренерлер үчүн тренинг (ToT) өткөрүлдү. ToTтун ишине 11 адам катышты: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 3 судьясы, Ош облустук сотунун 1 судьясы, Бишкек шаардык сотунун 1 судьясы, Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 1 судьясы, Бишкек ш. Ленин райондук сотунун 1 судьясы, 1 экс-судья, 1 отставкадагы судья, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян Университетинин 1 улук окутуучусу жана 1 GIZ программасынын улуттук координатору. Угуучулар кийин бул тема боюнча Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн тренингдерде тренер катары чыгышты.

**12-13-майда** Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча адистештирилген тренинг өткөрүлдү. Тренингдин ишине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык, административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиянын 17 судьясы катышты.

Тренер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орун басары А.М. Базаралиева, отставкадагы судья, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору Л.В. Гутниченко, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы М.П. Мельниковалар чыгышты.

**15-16-май, 17-18- май, 19-20-май, 29-30-майда** жана **31 мая-1-июнда** Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун жергиликтүү соттордун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренинг Бишкек шаарында өткөрүлдү. Тренингдин ишине 125 судья катышты.

Тренерлер катары чыгышты: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орун басары А.М. Базаралиева, отставкадагы судья, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору Л.В. Гутниченко, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы М.П. Мельникова, Бишкек шаардык сотунун судьясы А.Н. Кудайбергенов, Ош облусунун судьясы К.А. Салиев, отставкадагы судья, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору М.А. Давлетбаева, Кыргыз-Орус Славян Университетинин жарандык укук жана процесс кафедрасынын улук окутуучусу А.Р. Салиев, отставкадагы судья (Германия), GIZ программасынын эксперти Томас Херманн жана GIZ программасынын улуттук координатору Р.К. Мадалиев.

**5, 6, 7-июндарда** Чүй, Талас, Нарын, Ысык-Көл облустарынын жана Бишкек шаарынын жергиликтүү соттордун аппараттарынын бөлүм башчылары, улук катчылары жана соттук отурумдардын катчылары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча сот аппараттарынын кызматчыларынын билимдерин жана

көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренинг Бишкек шаарында өткөрүлдү. Тренингге соттордун аппараттарынын 75 кызматчылары катышты.

Тренерлер катары чыгышты: Бишкек шаардык сотунун судьясы А.Н. Кудайбергенов, отставкадагы судья, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору М.А. Давлетбаева, “Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү” долбоорунун жетекчиси Стефанос Кареклас.

**12-13-июнда, 14-15-июнда, 16-17-июнда** Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренинг Ош шаарында өткөрүлдү. Тренингдин ишине 66 судья катышты.

Иш чаранын тренерлери: Бишкек шаардык сотунун судьясы А.Н. Кудайбергенов, Бишкек ш. райондор аралык сотунун төрагасы Г.Ш. Есеналиева, Ош облусунун судьясы К.А. Салиев, GIZ программасынын улуттук координатору Р.К. Мадалиев.

**19, 20-июнда** Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү соттордун аппараттарынын бөлүм башчылары, улук катчылары жана соттук отурумдардын катчылары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча сот аппараттарынын кызматчыларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренинг Бишкек шаарында өткөрүлдү. Тренингге соттордун аппараттарынын 49 кызматчылары катышты.

Тренер катары Бишкек ш. Ленин райондук сотунун судьясы Э.Б. Барыктабасова жана Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун судьясы Д.Т. Орозовалар чыгышты.

**22-23-июнда** Талас облусунун жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренинг Талас шаарында өткөрүлдү. Тренингдин ишине 19 судья катышты.

Тренер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева жана GIZ программасынын улуттук координатору Р.К. Мадалиевдер чыгышты.

**28-29-июнда, 30-июнь–1-июлунда** Ысык-Көл жана Нарын облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө

багытталган адистештирилген тренингдер Чоктал айылында өткөрүлдү. Тренингдин ишине 51 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары Г.У. Калиева и М.П. Мельникова тренер катары чыгышты.

**17-18** жана **19-20- июлда** Ош шаарында Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексинин ченемдерин колдонуу боюнча семинар өткөрүлдү. Семинарга 39 судья катышты.

Тренер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орун басары А.М. Базаралиева, Ош облустук соттун судьясы К.А. Салиев жана GIZ программасынын эксперти Томас Херманн чыгышты.

**18-сентябрда** Ош шаарында жана **22-сентябрда** Бишкек шаарында жергиликтүү соттордун төрагалары жана Кыргыз Республикасынын облустук сотторунун төрагалары үчүн "Сот адилеттигин натыйжалуу уюштуруу үчүн башкаруунун заманбап элементтери" темасында семинар өткөрүлдү.

Тренерлер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева, Ылдыйкы Саксония жеринин Олденбург шаарынын участкалык сотунун төрагасы (Германия) Хорст Фреельс чыгышты. Семинардын ишине жергиликтүү соттордун 39 судьясы, облустук соттордун төрагаларынын 6 орун басары жана 1 судья катышты.

**19-20-сентябрда** Ош шаарында Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Жарандык иштерди талдоо методикасы" темасында семинар өткөрүлдү. Семинарга 19 судья катышты.

Тренер катары Бишкек шаардык сотунун судьясы Э.Т. Бейсекеев, Бишкек райондор аралык сотунун судьясы С.И. Садырова, Ылдыйкы Саксония жеринин Олденбург шаарынын участкалык сотунун төрагасы (Германия) Хорст Фреельс чыгышты.

**13-14-ноябрда** Бишкек ш. жана **19-20-декабрда** Ош ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексин колдонуудагы айрым маселелер" темасында семинар өткөрүлдү. Семинарга 47 судья катышты.

Тренер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын орун басары А.М. Базаралиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева, GIZ программасынын эксперти Томас Херманн жана GIZ программасынын улуттук координатору Р.К. Мадалиевдер чыгышты.

**5-6–апрелде** Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн 2017-жылдын 1-июлунда күчүнө кирүүчү Кыргыз Республикасынын жаңы Административдик-процесстик кодекси боюнча тренерлер үчүн тренинг өткөрүлдү. Тренерлер үчүн тренингдин ишине 13 угуучу катышты: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2 судьясы жана жергиликтүү соттордун 11 судьясы. Угуучулар кийин бул тема боюнча Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн тренингдерде тренер катары чыгышты.

Иш-чаранын тренерлери – Э.К. Иманалиев, “Коомдук укук институту” коммерциялык эмес мекемесинин башкармалыгынын төрагасы (Кыргызстан); Йохан Вебер, отставкадагы судья, Берлин ш., Германия; Мадалиев Р., “Борбордук Азия өлкөлөрүнө укуктук мамлекеттүүлүккө көмөк көрсөтүү” GIZ Программасынын улуттук координатору.

**12-13- майда, 1-2-июнда** Бишкек шаарында жана **8-9 июнда** Ош шаарында Кыргыз Республикасынын жаңы Административдик-процесстик кодекстин ченемдерин колдонуу боюнча Кыргыз Республикасынын судьяларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренингдер өткөрүлдү. Тренингдин ишине 47 судья катышты.

Тренерлер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Б.К. Аманалиева, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Д.С. Боронбаева, Бишкек шаардык сотунун судьясы А.Д. Рыбалкина, GIZ Программасынын эксперти, “Коомдук укук институту” коммерциялык эмес мекемесинин башкармалыгынын төрагасы Э.К. Иманалиевдер чыгышты.

**22-23-майда** (Бишкек ш.) жана **6-7- июнда** (Ош ш.) Кыргыз Республикасынын жаңы Административдик-процесстик кодекстин ченемдерин колдонуу боюнча сот аппараттарынын кызматчыларынын билимдерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө багытталган адистештирилген тренингдер өткөрүлдү. Тренингдин ишине 51 сот аппараттарынын кызматчылары катышты.

Иш чаранын тренерлери – Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары А.А. Алыбаев, Бишкек шаардык сотунун судьясы А.Д. Рыбалкина, GIZ Программасынын эксперти, “Коомдук укук институту” коммерциялык эмес мекемесинин башкармалыгынын төрагасы Э.К. Иманалиев.

**5-6-октябрда** Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттордун судьялары үчүн “Соттук чечимдердин сапатын жакшыртуу” темасында окутуучу семинар өткөрүлөт. Окутуу адистиги боюнча үч топто өттү: жарандык, административдик жана жазык укугу боюнча. Семинардын ишине 56 судья катышты.

Семинардын тренерлери - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы - Г.У. Калиева, Бишкек шаардык райондор аралык сотунун судьясы - Ч.И. Садырова, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин

Регламенти боюнча комитетинин бөлүмүнүн сектор башчысы, экс-судья - А.Т. Молдобаев, Санкт-Петербургдун Адвокаттар палатасынын адвокаты, Экономиканын жогорку мектебинин Улуттук изилдөөлөр университетинин юридикалык факультеттин доценти - М. Антонов, Фор-де-Франс шаарынын апеляциялык сотунун ардактуу биринчи президенти - Эрве Экспер, “Борбордук Азия өлкөлөрүндө укуктук мамлекетүүлүккө көмөктөшүү» GIZ программасынын компонентинин жетекчиси - Виктор Кесслер, Берлин ш. Административдик сотунун отсвтавкадагы судьясы – Манфред Штендер, “Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү” ЕБ долбоорунун негизги эксперти - Кристине Коре-Перконе, GIZ программасынын эксперти, “Ачык укук институту” коммерциялык эмес башкармалыктын төрагасы - Эрмек Иманалиев, “Борбордук Азия өлкөлөрүндө укуктук мамлекетүүлүккө көмөктөшүү” GIZ программасынын Кыргызстандагы улуттук координатору Рустам Мадалиев жана долбоордун жетекчиси, Париж жана Нью-Йорк адвокаттар коллегиясынын мүчөсү - Ксавье Барре.

**Кыргыз Республикасындагы Миграция боюнча эл аралык уюмдун (МОМ) офиси**

**18-20-январда** Кыргыз Республикасынын судьялары жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору үчүн Чүй облусунун Кемин районунун Калмак-Ашуу айылындагы “Ашу” конок үйүндө адамдарды сатууга каршы аракеттенүү маселелери боюнча тренерлер үчүн тренинг (ТоТ) өткөрүлдү. Угуучулар кийин ушул тематика боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн тренер катары чыгышты.

Тренер катары экс-судья, адвокат - Н.М. Асанова, Молдова Республикасынын Жогорку сотунун судьясы, тренер, адамдарды сатууга каршы аракеттенүү жаатында эксперт - М. Гервас, Б. Бейсенов атындагы Казакстан Республикасынын Ички иштер министрлигинин Караганда академиясынын мыйзамсыз миграция жана адамдарды сатуу менен күрөшүү боюнча адистерди даярдоо Окуу борборунун начальниги, полициянын полковниги, юридикалык илимдердин кандидаты, тренер, адамдарды сатууга каршы аракеттенүү жаатында эксперт - Ж. Кенбаевдер чыгышты.

ТоТтун ишине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2судьясы жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 19 судьясы катышты.

**20-21-апрелде** Чүй облусунун Калмак-Ашуу айылында, **26-27-октябрда** Бишкек ш., **27-28-апрелде** жана **19-20-октябрда** Ош ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн адамдарды сатуу маселелери боюнча тренингдер өткөрүлдү. Тренингдерге 97 судья катышты.

Тренер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары Т.Т. Чаргынова, Ш.Р. Камчыбеков жана экс-судья Н.М. Асановалар чыгышты.

**“Жалпы кызыкчылыктарды издөө”**

**6-апрелде** Бишкек ш. жана **11-апрелде** Ош ш. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы №203 Жарлыгы менен бекитилген 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясынын иш-чараларын аткаруу максатында «Дин тутуу эркиндиги жана сот адилеттигин иш жүзүнө ашыруу» аталышта Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн семинарлар өткөрүлдү.

Тренер катары юридикалык маселелер боюнча эксперт Н.С. Алымбаев жана адам укуктары боюнча эксперт Г. Ж. Абдирасуловалар чыгышты.

## “Сорос-Кыргызстан” фонду

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 23-октябрындагы № 469-р буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасындагы кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнө жана жазалоолорго каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын планын аткаруу максатында кыйноолорду колдонуу фактылары боюнча жазык иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн семинарлар өткөрүлдү.

**6-8-сентябрда** Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн “Кыйноолорду колдонуу фактылары боюнча жазык иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү” темасында тренерлер үчүн тренинг (ТоТ) өткөрүлдү.

Тренингге Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2 судьясы жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 16 судьясы катышты.

Иш-чаранын лекторлору – укуктук эксперт - Улугбек Азимов, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы - Б.Б. Джаналиев, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык соттук-медициналык экспертиза борборунун соттук-медициналык эксперти - Т. А. Асылбекова, “Борбор-Азиялык көз карандылыкка каршы альянс” коомдук бирикмесинин психиатры – Т. Асанов, “Адам укуктары үчүн врачтар” эл аралык уюмдун эксперти – Русудан Бериашвили.

**28-29-сентябрда** Бишкек ш. жана **12-13-октябрда** Ош ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн “Кыйноолорду колдонуу фактылары боюнча жазык иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү” аталышта тренингдер өткөрүлдү. Тренингге 46 судья катышты.

Лекторлор катары укуктук эксперт - Улугбек Азимов, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы - Б.Б. Джаналиев, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык соттук-медициналык

экспертиза борборунун соттук-медициналык эксперти - Т. А. Асылбекова, “Борбор-Азиялык көз карандылыкка каршы альянс” коомдук бирикмесинин психиатры – Т. Асановдор чыгышты.

## “Улуттук медиация борбору” коомдук бирикмеси

**7-11-августта** жарандык жана экономикалык иштерди караган “Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн “Сот ишинде медиациянын техникасы” аталышты окуу өткөрүлдү. Окууга Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2 судьясы жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 17 судьясы катышты.

Иш-чаранын лекторлору: Светлана Загайнова - тренер, эл аралык эксперт, Урал мамлекеттик юридикалык университетинин Медиация борборунун директору, юридикалык илимдердин доктору, профессор; Николай Тарасов - юридикалык илимдердин доктору, профессор, Урал мамлекеттик юридикалык университетинин медиатору.

## “Аял-судьяларынын кыргыз ассоциациясы” коомдук бирикмеси

**14-15-сентябрда** Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча тренерлер үчүн тренинг (ТоТ) өткөрүлдү.

Тренингдин лекторлору – отставкадагы судья, аялдарга жана кыздарга карата гендердик кылмыштар боюнча соттук иштерди кароо боюнча окутуучу тренингдин эксперти - Г.И. Борончиева, экс-судья, соттук-укуктук реформа боюнча эксперт - Г.С. Дуйшенбекова, гендердик маселелер боюнча эксперт - Л.К. Илебезова, гендердик маселелер боюнча эксперт - Тюлекова Т.

ТоТко Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2 судьясы жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 7 судьясы катышты.

**29-сентябрда** Бишкек ш. жана **6-октябрда** Ош ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн “Аялдарга жана кыздарга карата жасалган гендердик кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан каралышы” аталышта тренинг өткөрүлдү. Тренингге 37 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы – Ш.Р. Камчыбеков жана Бишкек ш. Октябрь райондук сотунун судьясы К.К. Архаровалар тренер болуп чыгышты.

**2-ноябрда** Бишкек ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын жардамчылары үчүн “Аялдарга жана кыздарга карата жасалган

гендердик кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан каралышы” аталышта тренинг өткөрүлдү. Тренингге 14 судьялардын жардамчылары катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы – Ш.Р. Камчыбеков жана Бишкек ш. Октябрь райондук сотунун судьясы К.К. Архаровалар тренер болуп чыгышты.

**“Ачык укук институту” жана Кыргыз Республикасындагы БУУӨП**

**27- сентябрда** 2019-жылдан баштап күчүнө кирүүчү жазык (Жазык кодекси, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, Жоруктар жөнүндө кодекси, Бузуулар жөнүндө кодекси) мыйзамдарынын новеллалары боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппараттарынын жана Сот департаментинин кызматкерлери үчүн тренинг өткөрүлдү.

Лектор катары мыйзам долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөлөрү чыгышты: юридикалык илимдердин доктору, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин профессору Н.Н. Сулайманова, “Ачык укук институту” мекемесинин эксперти У. М. Сатаров.

Тренингге Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 20 судьясы катышты.

**29-сентябрда** Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн 2019-жылдан баштап күчүнө кирүүчү жазык мыйзамдарынын новеллалары боюнча тренерлер үчүн тренинг (ToT) өткөрүлдү. ToTтун катышуучулары кийин ушул тематика боюнча окуу иш-чараларында лектор катары тартылышат.

ToTко Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 4 судьясы катышты.

Мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөлөрү лектор катары чыгышты: юридикалык илимдердин доктору, КОСУ профессору Л.Ч. Сыдыкова, юридикалык илимдердин доктору, КОСУ профессору Н.Н. Сулайманова, “Ачык укук институту” мекемесинин эксперти У. М. Сатаров. Модератор катары Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, "Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун жетекчиси Б.Р. Пирманов.

**Кыргыз Республикасындагы БУУӨП**

**26-октябрда** Бишкек ш. “Коомдук коопсуздук жана коомдук тартипке каршы кылмыштар боюнча иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү” аталышта Кыргыз

Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн тренинг өткөрүлдү. Тренингге 23 судья катышты.

Бишкек шаардык сотунун судьясы И.Н. Воронцова тренер катары чыкты.

**27-октябрда** Ош ш. "Терроризмди каржылоо менен байланышкан иштерди сотто кароо" темасында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн тренинг өткөрүлдү. Тренингге 20 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы А.А. Акыев тренер катары чыкты.

**31-октябрда** Бишкек ш. "Жазаны дайындоо, жазадан бошотуу (жаза дайындоонун жана шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуунун негизи)" аталышта Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн тренинг өткөрүлдү. Тренингге 20 судья катышты.

Отставкадагы судья, КОСУ юридикалык факультетинин жазык укугу жана криминология кафедрасынын доценти А.Ш. Сыдыков тренер катары чыкты.

**3-ноябрда** Ош шаарында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Конститутциялык укуктарга жана адам менен жарандардын эркиндигине каршы кылмыштар боюнча жазык иштерди соттор тарабынан кароо" темасында тренинг өткөрүлдү. Тренингге 20 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Ш.Р. Камчыбеков жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы Ч.А. Айдарбековалар тренер катары чыгышты.

**3-ноябрда** Бишкек ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Калктын ден соолугуна жана коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштарды кароо өзгөчөлүктөрү" темасында тренинг өткөрүлдү. Тренингге 20 судья катышты.

Бишкек шаардык сотунун судьясы Ж. Мамбеталы тренер катары чыкты..

## Орхусс Борбору

**3-ноябрда** Нарын ш.**, 10-ноябрда** Талас ш. жана **17-ноябрда** Баткен ш. айлана чөйрөнү коргоо маселелери, экология жаатында Кыргыз Республикасында кабыл алынган ченемдик укуктук актылар менен тааныштыруу жана Орхус конвенциясынын жоболору менен таанышуу боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары жана сот аппараттарынын кызматчылары үчүн семинарлар өткөрүлдү. Семинардын ишине 31 судья, 21 судьялардын жардамчылары, 1 консультант, сот отурумунун 1 катчысы катышты.

Тренерлер катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы - Арстанбаева Дилара Эркиновна, “Укукту жана бизнести өнүктүрүү фонду” коомдук фондунун (LBD Consulting) укуктук эксперти - Болтобаева Венера чыгышты.

**Кыргыз Республикасындагы ЮНИСЕФ**

**7-декабрда** Бишкек ш. жана **15-декабрда** Ош ш. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун өкүлдөрү үчүн “Ювеналдык юстиция маселелери боюнча судьялардын квалификациясын жогорулатуу” темасында семинарлар өткөрүлдү.

Семинарларга жергиликтүү соттордун 43 өкүлү жана 3 судья катышты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Г.У. Калиева жана Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы А.А. Сейдакматовалар тренер катары чыгышты. Бишкек.



2015-жылдан баштап 2017-жыл аралыгында Комплекстүү окутуу программасы (КОП) жана тематикалык семинарлар менен тренингдер боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын салыштыруу көрсөткүчү




2015-жылдан баштап 2017-жыл аралыгында Комплекстүү окутуу программасы (КОП) жана тематикалык семинарлар менен тренингдер боюнча тартылган угуучулардын салыштыруу көрсөткүчү




Кварталдар боюнча 2017-жылы өткөрүлгөн иш-чаралардын салыштыруу көрсөткүчү




**Эскертүү:** 2017-жылдын Окуу планы 2017-жылдын апрель айында бекитилген. 2017-жылдын экинчи кварталында жана үчүнчү кварталдын жарымы май айынан баштап июнга чейинки мезгилде жаңы Жарандык-процесстик кодекс, Административдик-процесстик кодекс, Кыргыз Республикасынын "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" мыйзамы менен тааныштыруу боюнча масштабдуу тренингдер өткөрүлдү.

**Сот адилеттигинин жогорку мектеби Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен макулдашуу боюнча 2017-жылдын Окуу планына кирбеген, төмөндө аталган 17 иш-чараны өткөрдү.**

- 13-18 - ноябрда (3-топ ) жана 20-25 – ноябрда (4-топ) - Сот департаментинин жана САКБ кызматчыларын Комплекстүү окутуу программасы боюнча окутуу.
- 14 – апрелде - Ош шаарында "Эл аралык элементтер менен үй-бүлө – нике мамилелери" аталышта судьяларды катышуусу менен тренинг өткөрүлдү.
- 29-30 - майда, 1-2 - июнда - судьялардын сот этикасы, кесиптик этика жана деонтология маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн семинарлар өткөрүлдү.

13-июлда **–** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиянын судьялары жана Бишкек шаарынын райондор аралык соттордун судьялары үчүн 2017-жылдын 15-октябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого тийиштүү маселелер боюнча семинар өткөрүлдү.

- 26-27 - октябрда – "Жарандык процесстеги атаандаштык" аталышта судьялар, прокурорлор жана адвокаттар үчүн тренинг.
- 19-20 - сентябрда – Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Жарандык иштерди талдоо методикасы" темасында семинар өткөрүлдү.
- 13-14 - ноябрда, 19-20 - декабрда - "Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык процесстик кодексин колдонууда айрым маселелер" аталышта Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн семинарлар.

- 5-6 – октябрда - “Сот чечимдеринин сапатын жакшыртуу” темасында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн окутуучу семинар.
- 7-11 - августта – “Сот ишине медиация техникасы” темасында жарандык жана экономикалык иштерди караган, Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн семинар.
- 27 - сентябрда - Жазык мыйзамдарынын новеллалары боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппараттарынын кызматкерлери үчүн тренинг.
- 29 - сентябрда – 2019-жылы күчүнө кирүүчү Жазык мыйзамдарынын новеллалары боюнча Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн тренерлер үчүн тренинг (ТоТ).
- 3 - ноябрда, 10 – ноябрда жана 17 - ноябрда - Экология жана Орхус конвенциясынын жоболорун изилдөө жаатында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен таанышуу, айлана чөйрөнү коргоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары жана соттордун аппараттарынын кызматчылары үчүн семинар.
-

## 2017-жылдын Окуу планындагы аткарылбаган пункттары боюнча

Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан 2017-жылдын 14-апрелинде бекитилген, 2017-жылга Окуу планын ишке ашыруу боюнча активдүү иштер жүргүзүлдү.

Жаңы Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси, Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодекси, "Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу тууралу" Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен тааныштыруу боюнча масштабдуу окутуучу иш чаралар өткөрүлгөндүгүн эске алуу керек.

Окуу пландын аткарылбаган пункттарына: комплекстүү программа боюнча экинчи инстанциядагы биринчи жолу дайындалган судьяларды окутуу, Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулар жөнүндө ” мыйзамын колдонуу боюнча тематикалык семинарды өткөрүү, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши жана “Айып түрүндөгү жазаларды аткаруу” темасындагы тегерек стол кирет.

Уставдык ишти натыйжалуу ишке ашыруу максатында 2017-жылдын 18-октябрындагы № 01-15/1519 каты менен Кыргыз Республикасынын судьялык кызмат орундарына талапкерлерди окутуу боюнча ченемдик базанын аналогиясы боюнча судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жөнүндө Жобону (мындан ары - Жобо) иштеп чыгуу зарылчылыгы жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине бекитүүгө киргизүү жөнүндө сунуш киргизилди.

Жогорку соттун төрайымынын 2017-жылдын 9-ноябрындагы №123 буйругу менен жумушчу топ түзүлгөн, жумушчу топ азыркы учурда Жобону иштеп чыгуу жана үчүн 2013-жылы бекитилген II инстанциядагы Кыргыз Республикасынын биринчи жолу дайындалган судьяларды комплекстүү окутуу программасын кошуп судьяларды жана сот тутумунун кызматкерлерин окутуу боюнча бардык программаларды карап чыгуу жана кийин Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине бекитүүгө киргизүү боюнча иш жүргүзүүдө.

Кыргыз Республикасынын "Сот аткаруучулар жөнүндө" Мыйзамын колдонуу боюнча Сот департаментинин сот аткаруучулары (мындан ары - сот аткаруучулар) үчүн тематикалык семинарларды өткөрүү комплекстик программа боюнча окууну өткөрүү зарылдыгын эске алуу менен каралып чыкты.

Сот департаментинин 2017-жылдын 20-ноябрындагы № 583 буйругу менен биринчи жолу дайындалган сот аткаруучуларды Окутуу программасын иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүлдү. Иштелип чыккан программанын негизинде, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрайымынын макулдашуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан бекитүүнү талап кылат, 2018-жылы Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан сот аткаруучуларды окутуунун теориялык бөлүгү окутулуп турат.

Окуу программага ылайык стажировка Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ички иштер министрлигинин Республикалык окуу борборуна жүктөлөт. Сот аткаруучулар стажировкадан өтүүгө каршы эместиги тууралуу тастыктоочу Сот департаментинин дарегине расмий кат бар. Азыркы учурда аталган окуу борбор, Сот департаменти жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ортосунда үч тараптуу Макулдашууну даярдоо жана ага кол коюу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

Ушул багытта иштеп жаткан жумушчу топтун ишинин жыйынтыгын эске алуу менен "Айып түрүндөгү жазаларды аткаруу" темасындагы судьялардын өкүмдөрү боюнча аткаруу документтерин аткаруу маселелери боюнча тегерек столду өткөрүү мөөнөтүн 2018-жылга жылдыруу зарылчылыгы боюнча Сот департаменти 2017-жылдын 25-декабрындагы № 05-1-5/5076 каты менен кабарлаган.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши боюнча тегерек столду өткөрүү маселеси боюнча. Судьялардын окуу борбору түзүлгөн күндөн баштап, укук улантуучусу Сот адилеттигинин жогорку мектебине, 2018-жылы 20 жыл болот, ушуга байланыштуу тегерек стол же конференция форматындагы салтанаттуу иш-чараны 2018-жылы өткөрүү пландалууда.

"Жеке жактардын же жеке ишкерлердин банкроттугу жана мажбурлап жоюлуусу жөнүндө иштерди кароонун өзгөчөлүгү", "Салык талаш-тартыштар боюнча сот практикасындагы актуалдуу көйгөйлөр" темасындагы окутуучу иш-чараларды өткөрүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2017-жылдын 1-декабрындагы №17 жана 2017-жылдын 3-июлундагы №7 токтомдору кабыл алынгандыгы жөнүндө белгилейбиз.

Убакыттын чектелгендигине байланыштуу иш-чараларга судьялардын жана сот тутумунун кызматчыларынын аныкталуу гана саны жана категориясы

катыша алышты, угуучуларды максималдуу камтуу 2018-жылдын Окуу планынын долбооруна киргизилди.

Окутуучу иш чараларды сапаттуу уюштуруу жана өткөрүү боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин ишин оптималдаштыруу жана өркүндөтүүнүн алкагында тийиштүү Эскертме иштелип чыкты.

### 4.3. Бөтөн уюмдар өткөрүүчү иш-чараларга Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматчыларынын катышуусу

- ✓ Жаңы лидер-аялдар жөнүндө мыкты макала үчүн Кыргыз Республикасынын журналисттери арасында өткөрүлгөн экинчи конкурстун финалисттерине урмат көрсөтүү. “Лидер-аялдардын муун кызматташтыгы” долбоорунун алкагында “Аял-судьяларынын кыргыз ассоциациясы” коомдук бирикмеси Республикалык медиакоммуникация окуу борбору менен биргеликте. Америкалык маалыматтык-ресурттук борбор, 2017-жылдын 2-марты.
- ✓ “Террордук жана башка трансулуттук мүнөздөгү кылмыштарды жасоо максатында интернет тармактарын колдонуу менен байланышкан иштерди жазыктык куугунтуктоо жана сотто кароо практикасы” аталышта судьялар үчүн регион аралык окуу семинар, 2017-жылдын 28-30 марты, Казакстан Республикасы, Алмата ш.
- ✓ 2017-жылдын 14-апрелиндеги №120-р Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу менен бекитилген иш-чаралардын планын аткаруу маселелери боюнча жумушчу топтун кеңешмеси, 2017-жылдын 26-апрели, Бишкек ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөт үйү.
- ✓ Изилдөөлөргө негизделген диний саясат боюнча эксперттик кездешүү. “Ачык позиция” коомдук фонду “Демократиялык институция борбору” коомдук уюму (Украина), ОБСЕ демократиялык институттар жана адам укугу боюнча бюро (Варшава) менен биргеликте, 2017-жылдын 25-апрели, Бишкек ш.
- ✓ Кыргыз Республикасында мамлекет жана жарандык коом өз ара аракеттешүү аркылуу дин тутуу эркиндигин илгерилетүү долбоору боюнча Консультациялык жумушчу топтун отуруму, 2017-жылдын 26-апрели, Бишкек ш., “Плаза” мейманканасынын конференц-залы.
- ✓ Депутаттар Ө. Бабанов, М. Жээнчороев демилгелеген мыйзам долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын соттук реформа боюнча кеңештин отуруму, 2017-жылдын 21-апрели.
- ✓ Сот тутумунун өнүктүрүүнүн алгылыктуу багыттары боюнча реформалоонун жыйынтыгы, ошондой эле айрым адамдарды сыйлоо боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын соттук реформа боюнча Кеңештин отуруму, 2017-жылы 5-июну, “Энесай” конок үйү.
- ✓ “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери” темасына конференция, 2017-жылдын 16-июну, Бишкек ш., “Jannat Resort” отели.
- ✓ Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамынын жумушчу тобунун отуруму, 2017-жылдын 19-июну, Бишкек ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу

Юстиция министрлигинин (мындан ары – Юстиция министрлиги) конференц залы.

✓ “Коомдук мониторинг жана баалоо аркылуу соттук реформага көмөктөшүү” долбоорунун алкагында ачык дискуссия, 2017-жылдын 23-июну, Бишкек шаары. Бул иш-чарада Сот адилеттигинин жогорку мектеби Максаттуу программаны ишке ашыруунун алкагында судьялардын жана сот аппараттарынын кызматчыларынын кесиптик деңгээлин жогорулатуу жөнүндө маалымат менен чыкты.

✓ Кыргыз Республикасында сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралардын алкагында кабыл алынган ченемдик укуктук актыларды ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңештин кеңешмеси, 2017-жылдын 10-июлу, Бишкек ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөт үйүнүн кичи залы.

✓ Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексин, "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу маселелери боюнча жарандык багыт боюнча жумушчу топтун отуруму, 2017-жылдын 14-июлу, Бишкек ш., Юстиция министрлигинин конференц - залы.

✓ Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучулар курамына эмгек акы төлөөнү жөнгө салуу маселелерине тиешелүү Кыргыз Республикасынын Вице-премьер-министри А.А. Султанбекованын жетекчилигинде отурум, 2017-жылдын 6-сентябры, Бишкек ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөт үйүнүн кичи залы.

✓ “Жарандык коомдун көз карашы менен соттук реформа” темасында тегерек стол, Кыргызстан Сорос фондусу. “Укук мектеби” коомдук бирикмеси, 2017-жылдын 21-сентябры, Бишкек ш., “Достук” мейманканасы.

✓ “Гендердик зомбулуктан жабыр тарткан аялдар жана кыздарга сот адилеттигине жетимдүүлүк” темасында конференция, 2017-жылдын 20-21-октябры, Ош ш., «Классик» отели.

✓ “Кыргызстанда гендердик зомбулуктун алдын алуу” долбоорунун жыйынтыгы боюнча тегерек стол. “Аял-судьяларынын кыргыз ассоциациясы” коомдук бирикмеси , 2017-жылдын 17-ноябры, Бишкек ш., «Плаза» отели.

✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-апрелиндеги №120-р буйругу менен бекитилген иш-чаралар планын аткаруу маселелери боюнча жумушчу топтун кеңешмеси, 2017-жылдын 23-ноябры, Бишкек ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үйү.

✓ “Кыргызстанда диний жана ынанымдар эркиндигин илгерилетүү” долбоору боюнча Консультативдик жумушчу топтун отуруму, 2017-жылдын 24-ноябры, Бишкек ш., «Smart» отели.

✓ “Тынч чогулуштарга эркиндик укугу жана аны Кыргызстанда камсыздоо тажрыйбасы” темасында тегерек стол, «Кылым шамы» адам укуктарын коргоо боюнча борбор, 2017-жылдын 5-декабры, Бишкек ш.

✓ “Кыргыз Республикасынын Кыргызстанда дискриминацияга каршы мыйзамдар жана тажрыйбаны илгерилетүү аркылуу аялдар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү” долбоорунун алкагында өткөрүлгөн «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына гендердик экспертиза

жүргүзүүнүн укуктук негиздери жана тажрыйбасы» аналитикалык отчеттун бет ачаары. “Кыргызстан юристтери” Ассоциациясы, 2017-жылдын 12-декабры, Бишкек ш.

- ✓ “2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү: жыйынтыгы, көйгөйлөрү жана келечектүүлүгү" мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруунун жыйынтыктарына арналган тегерек стол, «Сорос Кыргызстан» фондусу каржылаган “Сапаттуу мониторинг жана баалоо аркылуу сот реформасын илгерилетүү” долбоорунун алкагында “Укук мектеби” коомдук бирикмеси, 2017-жылдын 19-декабры, Бишкек ш.
- ✓ “Кыргызстан жана аялдарга карата дискриминациянын баардык формаларын жок кылуу жөнүндө ООН Конвенциясын кабыл алынгандыгына 38-жыл” аталышта конференция. 2017-жылдын 20-декабры, Бишкек ш.
- ✓ Бишкек шаарындагы ОБСЕ борборунун финансылык колдоосу менен Кыргыз Республикасынын сотторундагы 2017-жылдын июль айынан баштап ноябрь айына чейинки мезгилде “Адам укуктары боюнча Эдвокаси борбору” АНПО тарабынан ишке ашырылган, Кыргыз Республикасындагы соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин жыйынтыктарын жана камакка алуу жана бөгөт коюу чарасы катары камакка алуунун мыйзамдуулугун текшерүү боюнча соттук отурумдардын мониторингинин жыйынтыктарын талкуулоо . // “Адам укуктары боюнча Эдвокаси борбору” АНПО , 2017-жылдын 21-декабры, Бишкек ш.

## II. Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди окутууну даярдоо жана өткөрүү

Сот адилеттигинин жогорку мектеби “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы №147 “Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-жылдын 25-июнундагы № 4267-V токтому менен бекитилген "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу алкагында, жана сот тутумунун ишин уюштурууну жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде, Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди (мындан ары - талапкерлер) окутат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын 2016-жылдын 14-январындагы №12 буйругу менен 2017-жылдын 16-январында түзүлгөн жумушчу топ Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди окутуудан өткөрүү жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо), Кабыл алуу жана Квалификациялык комиссиянын регламенти (мындан ары -

Регламент), Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына талапкерлердин окуудан өтүшүнө кирүү экзаменин өткөрүү эрежелери, Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат ордуларына талапкерлерди окутуудан өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча квалификациялык экзамен өткөрүү эрежелери, Талапкерлерди окутуу программасы иштелип чыккан, алар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашылып, Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңешинин 2017-жылдын 3-февралындагы чечими менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңешинин ушул эле чечими менен төмөнкүлөр дагы бекитилди:

1) 2017-жылга Сот адилеттигинин жогорку мектебинде окуу үчүн орундардын саны - 40;

2) Сот адилеттигинин жогорку мектебине документтерди берүү мөөнөтү – 2017-жылдын 7-февралынан баштап 26-февралына чейин.

3) компьютердик тестирлөөнүн суроолору жана жазуу экзамендин темалары.

Компьютердик тестирлөөдөн өтүү (кирүү) баллы 75 балл санында жана Кабыл алуу жана Чыр-чатактар комиссияларынын курамы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымы менен макулдашылып, Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңешинин 2017-жылдын 24-февралындагы чечими менен бекитилген.

Кабыл алуу комиссиясынын курамына кирищти:

1) Батыралиев Болотбек Бакирович – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

2) Джумашов Кабылбек Огонбаевич – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

3) Мухамеджанов Абылай Жумакадырович – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

4) Осмонова Чолпон Омоковна – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;

5) Жаныл Мамбеталы – Бишкек шаардык сотунун судьясы;

6) Токтосун уулу Каныбек – Талас облустук сотунун төрагасынын орун басары;

7) Садырова Чынара Идрисовна – Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун судьясы;

8) Касымбеков Кубанычбек Калыбекович – Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы;

9) Жогоштиева Аида Токтосуновна – Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы;

**Чыр-чатактар комиссиясынын курамына кирищти:**

1) Аманалиева Бактыгуль Кыдыргычевна – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

2) Алыбаев Азамат Артельевич – Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары;

3) Сыдыков Аскат Шаршекович – Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору.

Регламенттин 5-бөлүмүнүн 17-пунктуна ылайык Кабыл алуу комиссиясынын биринчи отуруму 2017-жылдын 27-февралында болгон, анда Ч.О. Осмонова көпчүлүктүн добушу менен Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы болуп шайланды.

Отурумда кирүү экзамендерин өткөрүү боюнча Кабыл алуу комиссиясынын Иш планы бекитилди, ага ылайык кирүү экзамендин датасы жана этаптары бекитилди:

1) 2017-жылдын 9-мартынан 10-мартка чейин – компьютердик тестирлөө;
2) 2017-жылдын 22-мартында - жазуу түрүндөгү экзамен;
3) 2017-жылдын 3-апрелинен 6-апрелине чейин – маектешүү.

## 1. Кирүү экзамендерине катышуууга арыз берген жарандардын документтерин талдоо

Кирүү экзамендерине катышуу үчүн талапкерлерден **181** арыз берилген.

Жобонун 5-бөлүмүнүн 14-пунктунун талаптарына ылайыктыгына текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча жана Кабыл алуу комиссиянын 2017-жылдын 27-февралындагы чечимине ылайык 2017-жылдын 1-март жана 2-мартында компьютердик тестирлөө берүүгө 179 талапкерге жол берилди.

Кабыл алуу комиссиясынын 2017-жылдын 27-февралындагы чечиминин негизинде эки талапкерге кирүү экзамендерине кирүүгө жол берилген эмес, себеби:

- 3 жылдык судьялык иш стажы, мында талапкердин конкурска катышууга арыз берүүсү менен судьянын ыйгарым укуктары токтотулган мезгилдин ортосундагы тыныгуунун мөөнөтү он жылдан ашкан эмес;
- паспортто, юридикалык жогорку билими жөнүндө дипломдо жана эмгек китепчесинде фамилиядагы 4 тамга туура эмес.

## 2. Компьютердик тестирлөө

Кирүү экзамендерин өткөрүү эреженин 4-бөлүмүнө ылайык компьютердик тестирлөө укуктун ар кайсы тармактары боюнча 100 суроолордон турат.

2017-жылдын 20-февралында суроолор Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун расмий сайтында жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кулактандыруу доскасына жайгаштырылды.

Тесттик суроолор мамлекеттик жана расмий тилдерде түзүлгөн.

Компьютердик тестирлөөдөн өтүү үчүн убакыт 1 саат 40 минутаны түзөт.

Тесттик суроолор суроонун өзүнөн жана суроого сунушталган жooптордун 4 вариантынан турат. Талапкер сунушталган варианттардын ичинен бир туура жоопту тандоого тийиш, ал бир баллга бааланат.

Компьютердик тестирлөө 25 адамга чейинки топтордо Сот адилеттигинин жогорку мектебинин имаратында өткөрүлдү.

Биринчи күндүн жыйынтыгы боюнча - 2017-жылдын 9-мартында компьютердик тестирлөөдөн **75** талапкер өттү, алардын ичинен белгиленген кирүү баллынан жогору баллды – **54;** кирүү баллынан төмөн – **19,** келген жок – **1,** арызын алгандар – **1** талапкер болду.

Экинчи күндүн жыйынтыгы боюнча - 2017-жылдын 10-мартында компьютердик тестирлөөдөн **104** талапкер өттү, алардын ичинен белгиленген кирүү баллынан жогору баллды – **70;** кирүү баллынан төмөн – **27,** келген жок –**5,** арызын алгандар – **2** талапкер болду.

Компьютердик тестирлөөнү өткөрүү жол-жобосу менен макул эмес 10 талапкер Чыр чатактар комиссиясына арыз беришти, комиссия 8 талапкердин арызын канааттандыруудан баш тартты, ал эми 2 талапкерди кайра компьютердик тесттен өткөрүү чечимин кабыл алды.

Мында компьютердик тестирлөөдөн **179** талапкер өттү, алардын ичинен **124** талапкер – белгиленген кирүү баллынан жогору балл алышты жана кирүү экзамендерин берүүгө киргизилди; **46** - тестти бере алышкан жок, **6** - келген жок, **3** - арыздарын кайтарып алышты.

### 3. Жазуу жүзүндөгү экзамен

Укуктун ар кайсы тармактары боюнча 155 темадан турган жазуу жүзүндөгү экзамендин темалары жазуу жүзүндөгү экзаменге чейин кеминде 10 күн калганда Жогорку соттун расмий сайтына жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кулактандыруу доскасына жайгаштырылган.

Компьютердик тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча Кирүү экзамендин экинчи туруна кирүүгө уруксат берилген **124** талапкердин ичинен **123** талапкер жазуу жүзүндөгү экзаменге кириштi, **1** келген жок.

Жазуу жүзүндөгү экзаменди аткарууга 30 адамдан турган 3 топ жана 31 адамдан турган 1 топко (ар бирине) 60 минут берилген.

Жазуу жүзүндөгү экзамен башталаардын алдында Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматчылары жазуу жүзүндөгү тапшырманы талапкерлер аткаруу үчүн контролдук баракчаларга жана сомо-баракчаларга (черновик) тийиштүү шифр-коддорун басып чыгышат.

Кирүү экзаменин өткөрүү эрежелеринин 5 - бөлүмүнүн 49-пунктуна ылайык, Кабыл алуу комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндөгү экзамен башталаардын алдында Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы төмөнкү дилбаяндын аталышы менен конвертти сууруп чыкты:

1. Жарандык сот өндүрүшүнүн принциптери (№ 78 - билет) – 1-топ.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча башка мамлекеттик органдар жана бийлик органдар тутумунда алар ээлеген оруну (№ 18 - билет) – 2-топ.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн түзүү тартиби (№ 27 - билет) – 3-топ.

4. Жазык ишин козгоого себептери жана негиздер (№ 146 - билет) – 4-топ.

Талапкерлердин жазуу жүзүндөгү ишин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кабыл алуу комиссиясынын чечими менен жазуу жүзүндөгү экзамендин жыйынтыгы боюнча талапкерлер алган баллдардын санын көрсөтүү менен жыйынтыктоочу баалоо баракчасы бекитилген.

## 4. Маектешүү

Кирүү экзаменин өткөрүү эрежелеринин 6 – бөлүмүнүн талаптарына ылайык маектешүү жүргүзүлөт. Ушул бөлүмдүн 61-пунктуна ылайык маектешүү төрт багыт боюнча бааланат:

1. өзүнүн оюн оозеки түрдө айта билүүсү, коюлган тапшырманы туура түшүнүү жана объективдүү чечүү жөндөмдүүлүгү;
2. интеллектуалдык жана кесиптик жөндөмдүүлүгү жана көндүмдөрү;
3. коммуникациялык көндүмдөр, психологиялык жана жеке сапаттар;
4. келечектеги ишин элестетиши, күтүүлөрү, мотивациясы

Ар бир талапкер менен маектешүүгө 10-12 мүнөт берилет.

Маектешүүгө **123** талапкер киргизилген, алардын ичинен: **1** - келген жок, **10** - арызын кайра алышкандар. Маектешүүнүн жыйынтыгы боюнча **112** талапкер өттү.

2017-жылдын 12 - апрелинде Кабыл алуу комиссиясынын аяктоочу отурум болуп өттү, анда кирүү экзамендеринин жыйынтыгы чыгарылды жана жогорку балл алган 40 талапкердин тизмеси бекитилди.

Кабыл алуу комиссиясынын чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорунун м.а. Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына 40 талапкер Сот адилеттигинин жогорку мектебине окууга өткөндүгү жөнүндө 2017-жылдын 13-апрелинде буйрук чыгарды.

## 3. 5. Сот адилеттигинин жогорку мектебинде угуучуларды окутуу

2017-жылдын 26-апрелинен 17-августуна чейинки мезгилде **40** угуучу Сот адилеттигинин жогорку мектебинде окуудан өтүштү. Окуунун ачылышында саламдашуу сөздөрү менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Ф.З. Джамашева, кирүү экзамендерин өткөрүү боюнча кабыл алуу комиссиясынын төрагасы Ч.О. Осмонова жана Өнүктүрүү укугу боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) региондук директору Фред Хьюстон чыгышты.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинин угуучуларын сапаттуу окутуу үчүн 20 жаңы окуу куралдары иштелип чыкты, алардын авторлору болуп 16 - учурда иштеп жаткан судьялар, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппаратынын кызматчысы жана 3 - Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору чыгышты.

44 окуу куралдар  аягына чейин иштелип чыкты. Окуу куралдар Кыргыз Республикасынын  учурдагы мыйзамдарына ылайык келүүсүнө экспертиза жүргүзүү  Кыргыз Республикасынын  Жогорку сотунун төрайымынын 2017-жылдын 14-мартындагы № 01/52 буйругу менен  түзүлгөн  жумушчу топторго жүктөлгөн.

Азыркы учурда аталган окуу куралдар расмий тилден мамлекеттик тилге которулган.

Талапкерлерди окутуунун программасына ылайык окуунун теориялык бөлүгү 2017-жылдын 26-апрелинен 6-июлга чейинки мезгилде өткөрүлдү.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинде теориялык бөлүгүн окуунун узактыгы 2,5 айды (10 жума, 49 окуу күн, 384 академиялык саат, күнүнө 8 академиялык саат) түздү.

## 7. Окутуучу блоктор:

**1. Материалдык жана процесстик укукту тереӊ изилдөө блогу:**

а) жарандык укук жана процесс: жарандык жана экономикалык  иштерди соттор тарабынан  кароо - **132 саат;**

б) жазык  укук жана процесс:  жазык иштер жана административдик жоопкерчилик тууралуу иштерди соттор тарабынан  кароо - **112 саат;**

в) административдик укук жана процесс: административдик укук мамилелеринен келип чыккан  иштерди соттор тарабынан кароо - **28 саат;**

г) конституциялык принциптер жана сот адилеттигин жүргүзүүдө соттор тарабынан колдонулушу - **16 саат.**

**2. судьялык жөндөмдөр блогу  -  86 саат.**

**3. Этико – деонтологиялык  блог - 10 саат.**

| № | Модулдун темалары | Сааттардын саны | Лекторлор |
|---|---|---|---|
| **Жарандык  укук жана процесс: жарандык жана экономикалык  иштерди соттор тарабынан  кароо - 132 саат** | | | |
| 1. | Иштердин сотко караштуулугу жана ведомствого караштуулугу, процесстик мөөнөтү | 6 | Э.Б. Барыктабасова |
| 2. | Соттук чыгашалар, эсептешүү тартиби жана мамлекеттик алымдарды  өндүрүү | 4 | Г.Ч.Оморова |
| 3. | Соттук териштирүүгө иштерди даярдоо | 6 | М.М. Оморова |
| 4. | Далилдик базаны түзүү жана баалоо. Соттук экспертизанын тыянактарын дайындоо жана баалоо | 6 | Д.С.Кульматова |
| 5. | Биринчи инстанцияда иштерди кароонун негизги эрежелери: доо өнүрүшү, буйрук өндүрүшү | 8 | А.Ж.Калыбаев |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6. | Иш боюнча өндүрүштү токтотуп туруу, токтотуу. Арызды кароосуз калтыруу. | 6 | А.Ж.Калыбаев |
| 7. | Бүтүмдүн жараксыздыгы жөнүндө талаштарды сотто кароо | 6 | М.П. Мельникова |
| 8. | Сот тарабынан доонун эскирүү мөөнөтүн колдонуу | 4 | Барыктабасова |
| 9. | Үй-бүлөлүк чыр-чатактарды соттор тарабынан кароо | 6 | Н.А.Сатыбалдиева |
| 10. | Мураскорлук талаш-тартыштарды соттор тарабынан кароо | 6 | Ж.Н.Мурзалиева |
| 11. | Эмгек талаш-тартыштарын соттор тарабынан кароо | 6 | А.М. Сатарова |
| 12. | Шайлоо талаш-тартыштары жана аларды чечүү | 6 | А.М. Сатарова |
| 13. | Турак-жай талаш – тартыштарын соттор тарабынан кароо | 6 | Ч.А.Айдарбекова |
| 14. | Менчик укугу жөнүндө соттор тарабынан кароо | 6 | Дж.Н. Турумбекова |
| 15. | Келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө талаш-тартыштарды соттор тарабынан кароо | 6 | И.В. Горшковская |
| 16. | Кредит жана ссуда мамилелеринен келип чыккан иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | Э.Э. Садыков |
| 17. | Күрөө мамилелеринен келип чыккан иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | М.А. Давлетбаева |
| 18. | Экономикалык талаш-тартыштарды соттор тарабынан кароо | 6 | А.Д. Рыбалкина |
| 19. | Өзгөчө өндүрүш | 6 | А.Н. Кудайбергено |
| 20. | Апелляциялык тартибинде иштерди соттор тарабынан кароо | 4 | Г.У. Калиева |
| 21. | Кассация тартибинде иштерди соттор тарабынан кароо | 4 | Г.У. Калиева |
| 22. | Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча иштерди кайрадан карап чыгуу | 6 | Д.С. Кульматова |
| 23. | Чет өлкөлүк соттордун, эл аралык соттордун, бейтарап арбитраждар жана бейтарап соттордун чечимдерин таануу жана аткарууга киргизүү жөнүндө иштер боюнча өндүрүш. Өз ара укуктук жардам жөнүндө келишимди колдонуу | 4 | М.А. Давлетбаева |
| 24. | Жарандык иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтому | 2 | Б.М. Толубаева |
| | **Жазык укугу жана процесс: жазык иштерин жана административдик укук** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **бузуулар тууралуу иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү** | | | |
| 1. | Кылмыш. Кылмыштардын квалификациясы | 6 | К.Е.Максутова |
| 2. | Жазык процессинде сот, тараптар жана башка адамдар: алардын укуктары жана милдеттери | 6 | Ж. Мамбеталы |
| 3. | Бөгөт коюу чарасын дайындоо | 6 | Н.А.Азимжанов |
| 4. | Биринчи инстанциядагы сотто жазык иштерин кароо. Жазык иштердин сотко караштуулугу | 6 | А.Ш. Сыдыков |
| 5. | Далилдик базаны түзүү жана баалоо. Жазык иштеринде соттук экспертиза | 6 | Д.А.Айжигитов |
| 6. | Жазык иштерде жарандык доо. Кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын ордун толтуруу | 6 | Б.Б. Джаналиев |
| 7. | Инсанга каршы кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | Р. И. Эралиева |
| 8. | Экономикалык кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | К.К. Архарова |
| 9. | Коомдук коопсуздук жана коомдук тартипке каршы кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | С.И. Бранчаева |
| 10. | Мамлекеттик бийликке каршы кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | Ж. Мамбеталы |
| 11. | Кызматтык кылмыштар боюнча иштерди соттор тарабынан кароо | 6 | Р.И. Эралиева |
| 12. | Жашы жете электердин жазык жоопкерчилиги | 6 | К.Е. Максутова |
| 13. | Процесстик мажбурлоо чаралары. Жазаны дайындоо, жазадан бошотуу | 6 | А.Ш.Сыдыков |
| 14. | Тергөөчүнүн, прокурордун ишине жана чечимине арыздарды сотто кароо | 4 | Б.Б. Джаналиев |
| 15. | Апелляциялык жана кассациялык инстанцияларда жазык иштерин кайра карап чыгуу | 6 | И.Н.Воронцова |
| 16. | Көзөмөл инстанциясында жазык иштерди кайра карап чыгуу | 6 | Р.И. Эралиева |
| 17. | Кайра жаңы ачылган жагдайлар боюнча жазык иштерин кайра карап чыгуу | 6 | К.Е. Максутова |
| 18. | Өкүмдү аткаруу | 6 | К.К. Архарова |
| 19. | Административдик укук бузуулар тууралуу иштерди соттор тарабынан кароо | 4 | Н.А. Азимжанов |
| 20. | Жазык иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку соттун Пленумунун токтому | 2 | И.Н. Воронцова |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Административдик укук: мамлекеттик органдар менен укук мамилелеринен кели чыккан иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү - 28 саат** | | | |
| 1. | Административдик иштерди соттор тарабынан кароо | 10 | А.Д. Рыбалкина |
| 2. | Жер талаштарын соттор тарабынан кароо | 8 | И.М. Айтбаева |
| 3. | Салык, бажы талаштарын соттор тарабынан кароо | 8 | А.Д. Рыбалкина |
| 4. | Административдик жана экономикалык иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку соттун Пленумунун токтому | 2 | А.А. Алыбаев |
| **Конституциялык принциптер жана аларды сот адилеттигин жүргүзүүдө колдонуу – 16 саат** | | | |
| 1. | Конституциялык принциптер жана аларды сот адилеттигин жүргүзүүдө колдонуу | 2 | Ч.А. Айдарбекова |
| 2. | Конституциялык палатанын өндүрүшүнө кайрылууларды кабыл алуу жана баш тартуу жагдайлары | 4 | Ч.О. Осмонова |
| 3. | Конституциялык палатанын өндүрүшүнө кайрылууларды кабыл алуудан баш тартуу соттук коллегияларды аныктоого даттанууларды кароо өзгөчөлүктөрү | 4 | Ч.О. Осмонова |
| 4. | Эл аралык укуктардын ченемдерин соттор тарабынан колдонуу | 6 | Ч.А. Мусабекова. |
| **Судьялык көндүмдөр - 86 саат** | | | |
| **А) Судьялык юридикалык көндүмдөр** | | | |
| 1. | Сот актыларынын жана документтердин тили. Баяндоонун, стилдин өзгөчөлүктөрү | 4 | М.П.Мельникова<br>Ж. Мамбеталы |
| 2. | Жазык жана жарандык иштер боюнча мамлекеттик тилде сот актыларын түзүүдө колдонулуучу юридикалык терминология | 4<br>4 | Р.И. Эралиева<br>Ч.Дж. Курбанова. |
| 3. | Дискрециялык укук жана юридикалык аргументация | 4 | Д.С. Боронбаева |
| 4. | Иштерди башкаруу жана соттук башкаруу | 4 | Э.С. Джаркеева |
| 5. | Сот отурумунун катчысы, судьянын консультанты, жардамчысы жана сот канцеляриясы менен иштөө | 4 | Ч.Дж. Курбанова. |
| 6. | Түрдүү категориядагы иштерди (жазык, жарандык жана экономикалык иштер) эске алуу менен сот отурумдарын жүргүзүү | 8<br>6<br>6 | Т.Т.Чаргынова<br>М.М..Оморова<br>А.К. Ахметова |
| 7. | Сот иштерин (протоколдорду) тариздөө ,1-инстанциядагы соттордо иш кагаздарды жүргүзүү | 4<br>4 | Узбекова Халида<br>Г.К. Усакпаева |
| 8. | Жарандык, административдик жана экономикалык иштер боюнча чечимдерди | 4<br>4 | А.Т. Курманов<br>А.А. Сейдакматова |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | даярдоо | | |
| 9. | Жазык иштер боюнча өкүм даярдоо | 8 | Т.Т. Чаргынова |
| 10. | Жазык иштер жана административдик укук бузуулар тууралуу иштер боюнча токтом даярдоо | 2 | Н.А. Азимжанов |
| | **Б) Юридикалык эмес көндүмдөр** | | |
| 1. | Коммуникативдик көндүмдөр. Соттук психология. Судьянын стресске чыдамкайлуулугу. | 6 | А.Т. Токомбаева |
| 2. | Күбө менен иштөө. Күбө берген көрсөтмөлөрдүн тактыгын баалай билүү | 6 | Д.А.Айжигитов |
| 3. | Компьютер жана мыйзамдардын электрондук базасы менен иштөө көндүмдөрү. sot.kg сайтына сот актыларын жарыялоо. | 4 | А. Абылаев А.Кудайбердиева |
| | **Этико-деонтологиялык блок – 10 саат** | | |
| 1. | Сот түзүлүшү, Кыргыз Республикасынын сот тутуму. | 2 | Д.А. Айжигитов |
| 2. | Судьянын укуктук статусу. Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартууга укуктук негиздер жана жол-жобосу. | 2 | А.Дж.Мухамеджано |
| 3. | Соттук көз карандысыздыктын эл аралык стандарттары | 2 | Ч.А. Мусабекова |
| 4. | Коомчулукта судьянын ролу. Судьянын жалпы түрүм турум аспектилери. Кыргыз Республикасынын судьясынын абийир кодекси. | 4 | Ч.О. Осмонова |

Тренерлер катары чыгышты:

- Кульматова Д.С., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Мельникова М.П., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Сатыбалдиева Н.А., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Чаргынова Т.Т., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Боронбаева Д.С., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Мухамеджанов А.Дж., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;
- Айдарбекова Ч.А., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;
- Осмонова Ч.О., Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы;
- Айжигитов Д.А., Чүй облустук сотунун судьясы;
- Айтбаева И.М., Чүй облустук сотунун судьясы;
- Турумбекова Дж.Н., Чүй облустук сотунун судьясы;

- Курманов А.Т., Чүй облустук Район аралык сотунун төрагасы;
- Ахметова А.К., Чүй облустук Район аралык сотунун судьясы;
- Воронцова И.Н., Бишкек шаардык сотунун төрагасы;
- Толубаева Б.М., Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары;
- Алыбаев А.А., Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары;
- Горшковская И.В., Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- Кудайбергенов А.Н., Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- Жаныл Мамбеталы, Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- Мурзалиева Ж.Н., Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- Рыбалкина А.Д., Бишкек шаардык сотунун судьясы;
- Сейдакматова А.А., Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун төрагасы;
- Барыктабасова Э.Б., Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы;
- Калыбаев А.Ж., Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы;
- Орозова Д.Т., Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы;
- Джаналиев Б.Б., Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы;
- Оморова Г.Ч., Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы;
-464Архарова К.К., Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы;
- Джаркеева Э.С., Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы;
- Азимжанов Н.А., отставкадагы судья;
- Максутова К.Е., отставкадагы судья;
- Эралиева Р.И., отставкадагы судья;
- Курбанова Ч.Дж., экс-судья;
- Дуйшенбекова Г.С., экс-судья;
- Оморова М.М., отставкадагы судья;
- Давлетбаева М.А., отставкадагы судья;
- Сыдыков А.Ш., отставкадагы судья;
- Усакпаева Г.К. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппарат башкармалыгынын начальниги;
- Мусабекова Ч.А., Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин мугалими;
- Садыков Э.Э., Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясынын мугалими;
- Токомбаева А.Т.,Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ички иштер министрлигинин Академиясынын мугалими;
- Абылаев А., жергиликтүү соттор менен иштөө боюнча “Адилет сот” МТМ адиси;
- Кудайбердиева А. , жергиликтүү соттор менен иштөө боюнча “Адилет сот” МТМ адиси.

Талапкерлерди окутуунун теориялык бөлүгүнүн модулдарын баалоо Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорунун 2017-жылдын 14-апрелиндеги буйругу менен бекитилген, баалоо критерийлери боюнча методикалык

жетекчиликке (мындан ары – методикалык жетекчилик) ылайык Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору тарабынан жүргүзүлдү.

Методикалык жетекчиликке ылайык окутуунун теориялык бөлүгүнө эң жогорку баа 52 баллды түзөт.

Ар бир модул аяктагандан кийин Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лекторлору модулду баалоо баракчаларын толтуруп жатышты. Окутуунун теориялык бөлүгүнүн жыйынтыгы боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектору тарабынан 73 модулдарды баалоо баракчалары толтурулган.
.




## 8. Стажировка

Окутуунун теориялык бөлүгү аяктагандан кийин Сот адилеттигинин жогорку мектебинин угуучулары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунда стажировкадан өтүштү. Окуу программасына ылайык стажировканын узактыгы 2017-жылдын 10-июлунан баштап 17-августка чейин – 1,5 айды түздү.

Стажировканын жалпы узактыгы - 1,5 ай (6 жума, 30 күн), анын ичинен:

а) I – инстанциядагы соттордо жана район аралык соттордо стажировка – 25 күн;

б) II – инстанциядагы соттордо стажировка - 2 күн;

в) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда стажировка – 2 күн.

Отчетторду берүү – 1 күн.

Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунда Сот адилеттигинин жогорку мектебинин угуучуларынын насаатчылары:

1. Доспаева К.А.
2. Рысбекова А.Р.
3. Осмонов Ф.Ой-Т.
4. Кадыркулова Т.К.

Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунда Сот адилеттигинин жогорку мектебинин угуучуларынын насаатчылары:

1. Джээнбекова А.Б.
2. Джаналиев Б.Б.
3. Алиев А.М.
4. Жогоштиева А.Т.

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунда Сот адилеттигинин жогорку мектебинин угуучуларынын насаатчылары:
